КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ
И ИННОВАЦИЙ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

2025-04-августа № 67

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлигинин 2025-жылдын 18-июнундагы “2025-2026-окуу жылына карата Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына чет өлкөлөрдө жашаган этностук кыргыздарды кабыл алуу жөнүндөгү” № 685/1 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 2-июлундагы № 390 “Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин маселелери жөнүндөгү” токтомунун 4-пунктуна ылайык 2025-2026-окуу жылы үчүн Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына чет өлкөлөрдө жашаган этникалык кыргыздарды кабыл алууда тапшыруучулардын саны аз болгондугуна байланыштуу **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2025-жылдын 18-июнундагы № 685/1 “2025-2026-окуу жылына карата Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына чет өлкөлөрдө жашаган этникалык кыргыздарды кабыл алуу жөнүндөгү” буйругуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- буйруктун 4-пункттун 2-абзацындагы “1-августуна” деген сөздөр “8-августуна” деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- жогоруда аталган буйрук менен бекитилген 2025-2026-окуу жылына карата Кытай Эл Республикасында жашаган этникалык кыргыздарды Кыргыз Республикасынын жождоруна кабыл алуу үчүн жогорку окуу жайлардын жана адистиктердин 1 тиркемедеги тизмесиндеги:

“

| | | | |
|---|---|---|---|
| К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети | 550300 | Филологиялык билим берүү (кыргыз тили, орус тили, англис тили) | 1 |

“

позициясы алынып салынсын;

“

| | | | |
|---|---|---|---|
| К. Молдобасанов атындагы Кыргыз улуттук консерваториясы | 570009 | Вокалдык искусство (вокалдык искусствонун түрлөрү боюнча) | 1 |

"

позиция менен толуктalсын.".

**Министрдир орун басары** **Н.К. Омуров**